**УДК 372.87**

***Арзиев М.***
*к.т.н., доц. Ошского технологического универ. им. М.М. Адышева, Кыргызская Республика*
***Камилжан к. К.***
*преп. Ошского технологического универ. им. М.М. Адышева, Кыргызская Республика*
***Кокоева Э.Э.***
*преп. Ошского технологического универ. им. М.М. Адышева, Кыргызская Республика*

## КУРАК ТИГҮҮ ӨНӨРҮ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети - элдик уз-чеберлердин курак өнөрүн үйрөнүү жана эл арасына, жеңил өнөр жайына жайылтуу жараяны. Изилдөөнүн максаты - курак буюмдарды жараткан уз-чеберлердин өнөрүн үйрөнүү. Курак буюмдарды тигүүнү өндүрүшкө терең жайылтуу аркылуу салттуу курак буюмдарды өндүрүүгө жана алардын эл арасында тарашына ыңгайлуу шарттарды түзүү. Буюмдагы жана костюмдагы куракты мода багыттарына шайкеш келтирүү менен ар бир доордо курак өнөрүн сактоону жана келечектеги муундарга калтырууну камсыздоо. Изилдөө этаптарга бөлүнүп аткарылды: улуттук салттуу курак буюмдар, кийимдер жана курак боюнча маалыматтар басма жана интернет булактарынан, көргөзмөлөрдөн жана эл арасынан топтолду; топтолгон маалыматтарга жана сүрөттөргө эмпирикалык изилдөөнү байкоо, эксперимент, салыштыруу усулдары жана теориялык илим-изилдөөнү анализдөө, системалоо, жалпылоо жана классификациялоо усулдары колдонулду. Илимдеги жаңылыгы- курак тигүүнүн технологиясынын негизги этаптары аныкталды. Алынган жыйынтыктар куракты жана курак буюмдарды өндүрүштө сапаттуу тигүүгө колдонуу үчүн материалдар жана жабдуулар тандалды. Каттама куракты тигүүнүн технологиялык ирээти иштелип чыкты.*

***Негизги сөздөр:*** *курак; буюм; тигүү; курак өнөрү; уз-чебер; кездеменин кесиндиси; бычым; ыкма; жабдуу.*

## ИСКУССТВО ЛОСКУТНОГО ШИТЬЯ КУРАК

*Предмет исследования в данной работе является процесс изучения традиционного искусства «курак» народных мастериц и распространение его среди народа, и в легкой промышленности. Цель исследования - изучение искусства мастериц, создающих изделия с использованием курака. Создание благоприятных условий для производства традиционных изделий с использованием курака, способствуя таким образом изготовлению и распространению традиционного курака среди населения. Обеспечение условий для сохранения в каждой эпохе и передачи искусства курака будущим поколениям путем применения лоскутного шитья в одежде и костюмах в соответствии с модными тенденциями. Исследование проводилось поэтапно: собрана информация о национальных традиционных лоскутных изделиях, одежде и кураке из печатных и интернет-источников. К собранной информации и фотографиям применены следующие методы эмпирического исследования: наблюдение, эксперимент, сравнение, а также методы анализа, систематизации, обобщения и классификации теоретического научного исследования. Новизна в работе - определены основные этапы технологии лоскутного шитья. Полученные результаты для изготовления курака и изделий с его применением высокого качества выбраны оборудование и материалы. Разработан технологический процесс изготовления вида курака «каттама».*

***Ключевые слова:*** *курак; изделие; шитье; искусство лоскутного шитья; мастерица; отрезок ткани; выкройка; метод; оборудование.*

## THE ART OF PATCHWORK KURAK

*The subject of the research is the study of the traditional art of "kurak" by folk craftsmen and its dissemination among the people and in light industry. The purpose of the study is to study the art of craftswomen who create products using curac. Creating favorable conditions for the production of traditional*

*products using kurak, thus contributing to the production and dissemination of traditional kurak among the population. Ensuring conditions for the preservation in each epoch and the transfer of the art of kuraka to future generatio ns by using patchwork in clothing and costumes in accordance with fashion trends. The research was carried out in stages: Information was collected on national traditional patchwork products, clothing and dried apricots from printed and online sources. The following methods of empirical research are applied to the collected information and photographs: observation, experiment, comparison, as well as methods of analysis, systematization, generalization and classification of theoretical scientific research. Novelty in science - The main stages of patchwork sewing technology have been identified. The results obtained. Equipment and materials have been selected for the manufacture of dried apricots and products with its use of high quality. The technological process of manufacturing the type of kurak "kattama" has been developed.*

***Key words:*** *kurak; product; sewing; the art of patchwork; craftswoman; piece of fabric; pattern; method; equipment.*

**Курак.** Түстүү кездеменин (кийиз, тери жана башкалар) кесиндилерин бири-бири менен мозаика түрүндө бириктирип тигүү аркылуу жасалган буюм курак деп аталат. Курак өнөрү биздин доорго чейинки мезгилде колдонула баштагандыгын чет өлкөлөрдөгү музейлерде коюлган экспонаттар жана изилдөөлөр тастыктайт. Азыркы учурда курак колдонмо өнөр техникасы дүйнөгө ар түрдүү аталыштар (пэчворк, квилинг жана башка) менен кеңири тараган чыгармачылык өнөр болуп эсептелет [1-5].



1-сүрөт. 1271—1368 жылдардагы моңгол курагы

Ар бир элдин курагы бири биринен өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Ошол эле учурда ар бир элдин курактарынын көптөгөн түрлөрү бар [2, 11].

Борбордук Азия элдери курак буюмдарды турмуш-тиричиликте кеңири колдонот. Алардын ичинен кыргыз эли курагынын көп түрдүүлүгү жана курак буюмдарынын колориттүүлүгү, чыгармачылык фантазиясы, философиялык мазмундуулугу менен өзгөчөлөнөт [3,4,5 ].

Куракты сөзсүз түрдө кездеменин кесиндилеринен тигүү абзел эмес. Кыргыз жана башка элдерде, куракты сакталып калган эски кийимдердин жана кездеме түрдөгү эски буюмдардын кесиндилеринен дагы тигишкен.



2-сүрөт. Түрк курагы

Курак өнөрүнүн пайда болуусуна кездеменин кыркындыларына жана эски нерселерге үй тиричилиги үчүн жаңы жашоо берген пайдалуулугу, түрткү болгон негизги себептердин бири болуп эсептелет. Бирок акыркы учурда колдонмо көркөм курак өнөрү буюмдарга эстетикалык касиеттерди берүү, жасалгалоо үчүн кеңири колдонулууда. Белгилүү шоу жылдыздары кийген костюмдарда жана салтанат костюмдарда куракттын дизайны көп байкала баштады. Курак жана курак бюмдардын дизайны боюнча иштеген дизайнерлер көбөйүп жана алар өздөрүнүн дизайн мектептерин ачып курак дизайнынын өнүгүүсүнө шарт түзүшүүдө [1- 6].

Жыл сайын сентябрь айында Шанхай шаарында дүйнөлүк курак жана курак буюмдарынын көргөзмөсү уюштурулат. Ушундай эле регионалдык көргөзмөлөр Россиянын, Турциянын шаарларында, Ташкентте жана башка шаарларда өткөрүлөт. Көргөзмөлөргө бүткүл дүйнөдөн курак чеберлери жана дизайнерлери, өздөрүнүн чыгармасын көрсөтүүгө жана башка дизайнерлердин чыгармаларын көрүү үчүн келишет. Көргөзмөлөрдө дизайнерлердин жана чеберлердин тажырыйбалары жылдан-жылга өркүндөп, колдонмо курак чыгармачылык өнөрү өнүгүп искусствонун бир тармагына айланууда.

**Кыргыз курагынын түрлөрү.** Кыргыздын уз-чеберлери илгертен бери эле кездеменин кесиндилеринен, курак шедеврлерин жаратып келишкен [3 - 6]. Бүгүнкү күнгө чейин кыргыз элинин уз-чеберлери жараткан куракттар оюм-чийими, образдуулугу, мазмуну жана колдонулушу менен көп түрдүү.

Көркөм чыгармачылык өнөрдүн дизайнерлери, чыгармачыл жаштар азыркы учурда курак өнөрүнө кызыгып, өздөрүнүн автордук оюм-чийимдүү ар түрдүү куракттарын иштеп чыгууда. Бул шартка байланыштуу бүгүнкү күндө кыргыз куракттарынын түрлөрү абдан эле көп. Алардын багыттар боюнча түрлөргө бөлүнүшү 1-таблицада көрсөтүлдү.

1-таблица. Кыргыз курагынын түрлөрү

| | | |
|---|---|---|
| Байыркы кыргыз уз-чеберлери жараткан, азыркы күнгө чейин сакталып келе жаткан курактар: жөнөкөй курак, турна курак, каттама курак, мүйүз курак, бото көз курак, жылдыз курак, тумарча курак, жана башкалар. | | |
| **Турна курак** | **Каттама курак** | **Мүйүз курак** |
|  |  |  |
| Геометриялык форма боюнча үч бурчтук, төрт бурчтук , тегерек, трапеция жана башка формадагы курактар | | |
| **Төрт бурчтуу курак** | **Көп бурчтуу курак** | **Төгөрөк курак** |
|  |  |  |
| Ыйык касиетке ээ болгон: жаш балдарды жаман көздөрдөн сактоочу, келечекке болгон тилектерди аткаруучу, көп балалуу болуга тилек, терс күчтөрдөн сактоочу жана башка касиеттүү курактар. | | |
| **Тумар курак** | **Бото көз курак** | **Тумарча курак** |
|  |  |  |
| Колдонулушу боюнча жасалгалоочу, буюм жана костюм (кийим) курактар | | |
| **Жасалгалоочу курактар** | **Кийим курак** | **Буюм курактар** |







Азыркы замандын курактары





**Курак тигүү үчүн колдонулуучу материалдар жана жабдуулар.** Алгачкы замандарда курак тигүү үчүн кездеменин, теринин кесиндилери жана эски буюмдардын бөлүктөрү колдонулган. Бүгүнкү күндө курак буюмдар колдонулган чөйрө кеңейип, курак үчүн кесиндилерди таап камсыздоо түйшүктүү болуп калды. Ошондуктан куракын түрүнө, куракын сапатына болгон талаптарга байланыштуу курак буюмдарды тигүүгө пахта, зыгыр, жасалма була, атлас жана кыжым (вельюр) кездемелери колдонулат.

Интернет булактарында уз-чеберлер, куракка материал жана анын түсүн, фактурасын тандоо чоң мааниге ээ экендигин айтышып, куракын түрүнө байланыштуу ар түрдүү материалдарды сунушташат [19, 20, 21]. Уз-чеберлердин сунуштарын анализдөөнүн негизинде курак тигүү үчүн негизги материалдар тандалды. Бул материалдарды колдонуу өндүрүш үчүн оптималдуу экендиги аныкталды.

• *Трикотаж (королевский) велюр* - тандоо мүмкүнчүлүгү чоң ар кандай түстөрүн табууга болот созулчаак , курак тигүү үчүн желим кездеме жабыштырылат.

• *Велюр кездеме (фабрич.)* - тандоо мүмкүнчүлүгү чоң эмес, тигүү үчүн желим кездемени жабыштырууну талап кылат.

• *Бархат* - бархат, курак тигүү үчүн желим кездеме жабыштырууну талап кылбайт.

• *Лазер велюру*- сюжеттүү сүрөттөрү бар, абдан кооз дизайн түзүүгө болот. Бул кездемеге желим кездеме жабыштырылбайт, курак тигүүгө ыңгайлуу.

• *Поплин, штапель, пахта кездемелер*- бул кездемелерди тигүүдө жылып кетпейт, тигүүгө оңой, кооз дизайндарды түзүүгө болот.

• *Парча* жылтырак, ачык түстүү, курамында жип зымдары бар кездеме. Курак тигүү үчүн желим кездемени жабыштырууну талап кылбайт.

• *Жылма парча* - жылтырак, ачык түстүү, бети тегиз, курак тигүү үчүн желим кездемени жабыштырууну талап кылбайт.

• *Трикотаж парча*- трикотаж болгондугуна байланыштуу созулат, курак тигүү үчүн желим кездеме жабыштыруу талап кылынат.

• *Тери* - жука, чыныгы же эко тери, өң бети сыйда же башка фактурада, желим кездеме жабыштырууну талап кылбайт.

Куракты тигүү үчүн жип колдонулат. Жиптин түсү куракtын кездемесине жана колдонулушуна байланыштуу тандалат.

Алгачкы замандарда курак колдо ийне менен тигилип келсе, азыркы заманда курак тигүү үчүн тигүүчү машиналар колдонулат. Куракты кол менен тигүүдө керектүү жабдуулар: ийне, оймок, төөнөгүчтөр, сантиметр лентасы жана башкалар.

**Курак буюмдарды тигүү технологиясынын негизги этаптары.** Уз-чеберлер куракtын түрлөрүн жана курак буюмдарды кандай тиккендиги боюнча маалыматтар интернет булактарында көп [10-18]. Бул багытта топтолгон маалыматтарды анализдөөнүн негизинде ар бир уз-чебердин курак тигүү ыкмасы башка уз-чеберлердин ыкмаларынан өзгөчөлөнгөндүгү такталды. Уз-чеберлердин ыкмаларын системалоонун жана жалпылоонун негизинде курак тигүүнүн технологиялык процессинин этаптары аныкталды, башкача айтканда курак жана курак буюмдарды тигүүнүн технологиялык процесси, алардын түрүнө көз карандысыз: даярдоодо, кездеме кесүү (бычым), тигүү жана жасалгалоо этаптарынан турат.

Даярдоо этабында төмөнкү жумуштар аткарылат:

- курак буюмдун композициясын (дизайнын) иштеп чыгуу;
- өлчөмдүк масштабды сактоо менен буюмдагы куракtын эскизин түстүү тартуу;
- эскиздин негизинде куракtын схемасын чийүү, куракtагы бөлүктөрдүн ордун билүү үчүн, схемада куракtын ар бир бөлүктөрү номерленет;
- куракты тигүүгө керектүү кесиндилерди, кездеме, жип, желим материал жана башкаларды даярдоо.

Бычым этабында төмөнкү жумуштар аткарылат:

- куракtын схемасы боюнча куракtын бөлүктөрүнүн спецификациясын иштеп чыгуу (түзүү);
- формасын сактай албаган кездемелерди жана кесиндилерди желим кездемеге жабыштыруу;
- кездемелерден жана кесиндилерден куракtын бөлүктөрүн кесүү;
- бөлүктөрдү номерлери боюнча топтоштуруу.


**Кыркуу этабы куракtан тигилүүчү буюмдун түрүнө жана анын санына байланыштуу өз алдынча аткарылат.** Тигүү этабында төмөнкү жумуштар аткарылат:

- куракты тигүүнүн технологиялык ирээтин иштеп чыгуу;
- иштелип чыккан технологиялык ирээт боюнча куракты тигүү.
- жасалгалоо этабында төмөнкү жумуштар аткарылат:
- куракtагы жиптердин учтары кыркылат жана тазаланат;
  куракtагы тырыштар тегизделет жана үтүктөөдө пайда болгон жалтыроолор жоюлат ж.б.

Курак тигүүнүн жасалгалоо этабында куракка же курак буюмга товардык көрүнүш берилет. Бул этаптагы жумуштар, куракtын же курак буюмдун түрүнө жана буюмга болгон талаптарга байланыштуу аныкталат.

**Каттама куракты тигүүнүн технологиялык ирээти.** Каттама куракты тигүүнүн технологиялык ирээти, курак буюмдарды тигүү технологиясынын негизги этаптары боюнча иштелип чыкты.




Каттама куракtын эскизинин негизинде куракtын схемасын түзүү.

| Каттама ку板ктын сүрөтү | Каттама курактын схемасы |
|---|---|
|  |  |

1-ичилик кездеме; 2-ак лента; 3-кызыл лента; 4-борбордук бычым;
5-борбордук үч бурчтук.
3 - сүрөт. Каттама курактын сүрөтү жана схемасы

Түзүлгөн схемасынын негизинде каттама курактын ар бир кесилген бөлүгүнүн спецификациясы түзүлдү (3-таблица).






3-таблица. Курактын бөлүктөрнүн спецификациясы






| № | Курактын бөлүктөрнүн аталышы жана чиймеси | | Саны |
|---|---|---|---|
| 1 | Ичилик кездеме |  | 1 |
| 2 | Борбордук бычым |  | 1 |
| 3 | Борбордук үч бурчтуктардын бычымы |  | 1 |
| 4 | Борбордук үч бурчтук |  | 4 |
| 5 | Ак лента |  | - |






| | | | |
|---|---|---|---|
| 6 | Кызыл лента |  | - |

Каттама курakты тигүүнүн технологиялык ирээти, курак буюмдарды тигүү технологиясынын этаптары боюнча иштелип чыкты. Жыйынтыгы 4-таблицада көрсөтүлдү.

4-таблица. Каттама куракты тигүүнүн технологиялык ирээти

| Кездеме кесүү (бычым) этабы | |
|---|---|
| Операциянын аткарылышы | Жыйынтыгынын көрүнүшү |
| Куракты̄н ичилик кездемесин кесип алуу |  |
| Борбордук бычымды кесип алуу |  |
| Ичилик кездемеге диагональ түз сызыктарды жүргүзүү аркылуу ортосун табуу |  |
| Борбордук бычымга диагональ түз сызыктарды жүргүзүү аркылуу ортосун табуу |  |
| Бобордук үч бурчтуктарды бычымдан кесип алуу |  |
|Ленталарды тигүүгө даярдоо |  |
| Тигүү этабы | |

| | |
|---|---|
| Ичиликтин ортосуна борбордук бычымдын ортосун дал келтирип бастырып тигүү |  |
| Борбордук бычымдын биринчи капталына борбордук үч бурчтукту тигүү |  |
| Борбордук бычымдын биринчи капталындагы тигилген борбордук үч бурчтуктун тигишин үтүктөө |  |
| Борбордук бычымдын кийинки капталдарына үч бурчтуктар биринчи капталга окшош тигилет жана үтүктөлөт |  |
| Биринчи катардагы ак лентаны тигүү | |
| Ак лентаны биринчи капталга тигүү |  |

<table>
<tr><td>Биринчи капталдагы ак лентанын тигишин үтүктөө</td><td></td></tr>
<tr><td>Кийинки капталдарга ак лента жогорудагы ирээтте тигилет жана үтүктөлөт</td><td></td></tr>
<tr><td colspan="2">Экинчи катардагы кызыл лентаны биринчи бурчуна тигүү.</td></tr>
<tr><td>Экинчи катардагы кызыл лентаны биринчи бурчуна тигүү</td><td></td></tr>
<tr><td>Экинчи катардагы бурчуна тигилген кызыл лентанын тигишин үтүктөө</td><td></td></tr>
<tr><td>Кийинки капталдарына кызыл лента жогорудагы ирээтте тигилет жана үтүктөлөт</td><td></td></tr>
<tr><td colspan="2">Курактын үчүнчү жана андан кийинки катарларын тигүү, экинчи катарды тигүү ирээтинде аткарылат. Тигилип бүткөн курак буюмдун башка бөлүктөрү менен бириктирилип курак буюмду тигүү аягына чыгарылат.</td></tr>
</table>

| Жасалгалоо этабы |
|---|
| Курак буюмдагы ашыкча жиптер кыркылат, тазаланат, тырыштар үтүктөлөт. Курак буюмдун түрүнө жана буюмга болгон талаптарга байланыштуу кошумча жасалгалоо аткарылат. Курак тигүүнүн жасалгалоо этабында куракка же курак буюмга товардык көрүнүш берилет. |

**Жыйынтыктар:**

1. Курак жана курак буюмдар боюнча интернет булактарда кыска маалыматтар жана курак буюмдардын иллюстрациялары көп, бирок илимдик жумуштардын өтө аздыгы жана монографиянын жоктугу, бул багытта туруктуу илим изилдөө иши бүгүнкү күнгө чейин жүргүзүлбөгөндүгү белгиленгенди;

2. Курак жана курак буюмдарын тиккен ар бир чебер курактын түрлөрүн өзүнүн ыкмасынын ирээти менен тигет. Ар бир чебердин ыкмасы башка чеберлердин ыкмаларынан айырмаланып көрсөтүлдү;

3. Жумушта иштелип чыккан курак тигүүнүн технологиялык этаптары жана курак буюмдарды тигүүгө материалдарды жана жабдууларды тандоо боюнча сунуштар, өндүрүшкө керектүү экендиги далилденди.

**Адабияттар тизмеси:**

1. **Аламанова,Ч.** Мечтаю написать книгу о материальном наследии кыргызов – курак [Текст] / Ч. Алманова.- Бишкек, 2000.- 251 с.
2. **Антипина, К.И.** Особенности метериальной культуры и прикладного искусства кыргызов [Текст] / К.И. Антипина – Ф.: Кыргызстан, 1977. - 254 с.
3. Каталог. Общественное объединение женщин “Кыргызское наследие” 2005.- 60 с.
4. **Молдосанова, Н. Д.** Курак техникасын «Мурас» айымдар аксессуар жыйнагына колдонуу [Текст] / Н.Д. Молдосанова, А.А. Усенбаева // Известия И. Раззаков атындагы КМТУ.-Бишкек: КМТУ, 2020.- Б. 163-169.
5. **Бабаев, Д.Б.** Илме дос саймасынын технологиясы жана жана аны окутуунун методикасы [Текст] / Д.Б. Бабаев, К. Камилжан к. // Наука. Образования.Техника.- Ош: КУМУ, 2023.- №2 – Б.144-150.
6. **Ыйсаева, Н.** Улуттук идея кыргыз тарыхында [Текст] / Н. Ыйсаева, О. Капалбаев. - Бишкек, 2017.- 488 с.

DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.413

Поступила в редакцию: 15.01.2024 г.

**УДК 378.147**

***Абдивалиева Г.А.***
*к.п.н., Кыргызско-Узбекский Межд. универ. им. Б. Сыдыкова, Кыргызская Республика*
***Абдиманап к. А.***
*преп. Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б. Сыдыкова, Кыргызская Республика*
***Эргешбай к. М.***
*ст. преп. Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

## БАКАЛАВР АДИСТИГИНДЕ ОКУТУУДА КЛИЛ МЕТОДУН КОЛДОНУУ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары билим менен орус тили чет тили катары интеграциялап окутуусуна көңүл бурулган. Изилдөөнүн негизги максаты студенттер кесиптик компетенцияларына ээ болуп жана орус тилинде эркин баарлашуу жөндөмүн өнүктүрүү болуп саналат. Бул максатка жетүү үчүн системалуу түрдө башталгыч билим берүү программасында окуп*